**ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
Жайыл негизги мектеби
724405 Жайыл айылы
Центральная көч.27
ИНН02004200410094
Тел 7-01-95

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
Основная школа Жайыл
724405,с.Жайыл,
ул.Центральная 27
ИНН 02004200410094
Тел 7-01-95

# Жайыл негизги мектебинин

# Педагогикалык кенешмесинин

# №1 протоколу

**30.08.2022** **Жайыл айылы**

**Темасы: 2022-2023-окуу жылындагы аткарылган иштерди талдоо,алдыга коюлган 5 жылдык стратегиялык милдеттер жана максаттар жана мектептин миссиясын аныктоо.**

Чогулуштун төрайымы: Омуркулова Ф.Ж

Катчысы:Акматова А.К

Бардыгы-14

Катышты-14

Күн тартибинде:

1. **2021-2022-окуу жылын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы. Жаны окуу жылынын милдеттери**
2. **Мектептин 5 жылдык стратегиялык планын,максатын кабыл алуу жана мектептин миссиясын аныктоо.Мектеп компонентин бөлүштүрүү.**
3. **2022-2023-окуу жылына карата окуу тарбия иштеринин планын кабыл алуу. Мугалимдерди окуу жүктөмдөрү менен тааныштыруу.**

   **1)Август учетун тактоо, класс комплектини бекитүү**
   **2)билим күнүнө карата өтүлүүчү биринчи тематикалык класстык сааттарды өткөрүү жөнүндө**
   **3)Райондук билим берүү бөлүмүнүн август кенешмесинен талкууланган маселелер.**

4. **Башталгыч класстрында ысык тамакты уюштуруу боюнча**
5. **Мектептин ички тартиби.**

   **А)Локалдык актылар жөнүндө**
   **Б)пед кенешменин катчысын шайлоо**

Угулду:

**1-маселе**:2021-2022-окуу жылынын окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы боюнча анализди мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматова берди:

Бул окуу жылындагы билим сапатыбызды жогорулатуу үчүн биз 2021-22-окуу жылынын билим сапатын билишибиз керетигин айтып.Былтыркы окуу жылына караганда быйылкы окуу жылында билим сапаты бир аз жогорулагандыгын белгиледи.Ошону менен бирге ар бир класстын билим сапатына токтолду

2-класс 54,5%

2б-класс 28,5 %

3-класс 72,2%

4-класс 50%

5-класс 33,3%

6-класс 53,8%

7а-класс 23,5%

7б-класс 28,5 %

Ал эми мектептин жалпы билим сапаты 45%

Кыргыз класстарда 47,6%

Орус класстарда 28,5% түздү.

Мектептин директору Ф.Ж.Омуркулова:

Жаны окуу жылынын милдеттери менен тааныштырып өттү.Эгерде өзгөртүү сунуштары болсо айтууну эскертти.

1. Сабак өтүүдө инновациялык технологияларды колдонуп,электрондук китептерди колдоно билүү.
2. Интерактивдүү методдорду дагы кенири колдонуу.
3. Ар бир өтүлгөн сабакка жыйынтык чыгарууну дагы терендетүү.
4. Сабактын структурасын так,даана сактоого,сабактын максаттарын туура коюп,ишке ашуусун анализдеп,мониторинг чыгара билүүнү терендетүү.
5. Билим сапатын жакшыртуу максатында окутуунун жаны ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгууларын арттыруунун үстүндө эмгектенүү.
6. Өз билимин өркүндөтүү курстарын өтүү.
7. Окуучуларга замандын талабына жараша тарбия берүү
8. Таланттуу жана начар окуган окуучулар менен иштетүүнү терендетүү,контролду күчөтүү.
9. Инновациялык технологияны колдонууну турукташтыруу,аудио-видео сабактарды пайдалануу.
10. Электрондук күндөлүк жана электрондук журналдарды колдонууну терендетүү.

***Жарыш сөзгө***:Башталгыч класстын мугалими А.Э.Абдрахманова:

Бул милдеттемелер абдан жакшы түзүлгөндүгүн жана замандын талабына дагы ылайыкташтырылгандыгын айтты.Өзгөртүүнүн кереги жок экенин.Ошол бойдон калуусун сунуштады .

**Жогоруларды угуп жана талкуулап,пед.кенешме бир добуштан токтом кылат:**

1.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган окуу тарбия иштери жакшы деп табылсын

Былтыркы окуу жылындагы билим сапатына салыштырмалуу билим сапатын жогорулатуу аракеттери үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.

2. Билим сапатын көзөмөлдөө мектептин окуу завучу А.К.Акматовага милдеттендирилсин.

3. Жаны окуу жылындагы алынган милдеттемелер толук ишке ашырылсын.

4.Ишке ашырылышын көзөмөлдөө мектептин администрациясына жүктөлсүн.

**2-маселе**

**Угулду:** мектептин директору Ф.Ж.Омуркулова келерки 5 жылга карата мектептин стратегиялык максаттары менен тааныштырып өттү

**Мектептин билим берүү системасын максаты**

- Мектеп окуучуларынын өнүгүүсүнө жана социалдашуусуна өбөлгө түзгөн билим алууга, ар бир окуучунун жөндөмдүүлүгүн аныктоого жана өнүктүрүүгө жагымдуу билим берүү мейкиндигин, ачык коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө багытталган.
- Кыргыз Республикасынын жаранын мекенчилдикке, атуулдукка, эмгекчилдикке, адептүүлүккө тарбиялоо. Социалдык экономикалык кырдаалга ыңгайлашып кете алуучу жана сапаттуу билимге ээ болгон коомго пайдасы тийген, руханий дүйнөсү бай,элдик маданиятты,мекенди сүйгөн,өз мекени үчүн күрөшкөн жаштарды тарбиялоо. Коомдун алдында атуулдук жоопкерчилигин арттыруу менен мектепти бүтүргөндөн кийин өз алдынча өнүгүп кетүүсүнө пайдубал түзүү.

***Билим берүүнүн милдети:***

- *билим берүү милдеттерин чечүүдө окуучулардын негизги компетенцияларын калыптандыруу;*
- *билим берүү процессинде окуучуну өз алдынча өнүктүрүү жана алдыга жылдыруу каражаттарын жана ыкмаларын калыптандыруу аркылуу жаңы технологиялык каражаттарын кеңири колдонуунун негизинде окуу процессин индивидуалдаштырууну ишке ашыруу;*
- *окуучулардын билим берүү ишмердүүлүгүндөгү ийгилигин жана өзүн-өзү ишке ашыруусун билдирген адамдар менен, дүйнө менен жана өзү менен болгон мамилелердин субъекти катары өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү;*
- *окуучулардын физикалык жана психикалык саламаттыгын, коопсуздугун сактоо жана чыңдоо, алардын эмоционалдык бейпилдигин камсыз кылуу;*

**Кадрдык камсыздоо милдеттери:**

- Мамлекеттик билим берүү системасынын талаптарын эске алуу менен негизги билим берүү программаларын ишке ашырууну жана жалпы билим берүүнүн пландаштырылган натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон стандарттардын жана ченемдердин системасын иштеп чыгуу;

- окутулуп жаткан дисциплинанын профилине жана зарыл квалификацияга туура келген, ишмердүүлүккө жөндөмдүү, зарыл болгон усулдук маданият деңгээлине ээ жана үзгүлтүксүз билим алууга калыптанган даяр кадрлар менен толуктоо;
- жеке өзүн өзү аныктоо чөйрөсүндө кесиптик, маалыматтык, коммуникативдик, жалпы маданий, социалдык жана эмгектик компетенцияларды калыптандыруу;
- жетишпеген кадрдык ресурстарды толтурууга мүмкүнчүлүк берүүчү кошумча билим берүү мекемелери менен өз ара аракеттенүү үчүн шарттарды түзүү;
- Мамлекеттик билим берүү системасы ишке киргизүүгө байланышкан маселелердин бардык комплекси боюнча кызматкерлерди массалык түрдө окутуу, туруктуу илимий-методикалык камсыздоо;
- башка окуу жайлардын инновациялык тажрыйбасын колдонуу,
- мугалимдердин ишинин натыйжаларына, окуу процессине жана инновациялардын натыйжалуулугуна комплекстүү мониторинг жүргүзүү.
- ***Педагогикалык колдоонун милдеттери:***
- *мамлекеттик программалардын, жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде түрдүү предметтер боюнча жумушчу билим берүү программаларын аткаруу ;*
- *руханий-адептик тарбиялоонун билим берүү программасын аткаруу;*
- *руханий жана физикалык ден соолукту сактоо жана чыңдоо программасын ишке ашыруу;*
- *оңдоо иштеринин программасын иштеп чыгуу;*
- *билим берүүнү модернизациялоону эске алуу менен окуу процессин уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча локалдык актыларды иштеп чыгуу;*

*Мектептин миссиясы:*

"Мектепте окуучу үчүн билим берүүнүн жагымдуу чөйрөсүн түзүү менен бирге алган билимдерин жашоодо пайдалана билүүгө багыттоо"

Мугалимдердин кошумча-алымча өзгөртүүлөрүн,сушуштоолорун ортого салууну өтүндү.

Жарыш сөзгө:Орус тили мугалими Е.Ж.Осмонова чыгып:

Милдеттемелердин туура түзүлгөнүн,замандын талабына да ылайыкташылганын,эч кандай өзгөртүүнүн кажети жок экенин билдирди.Мугалимдер да коштоп,ошол бойдон эле калтырылышын билдиришти.

**Угулду:**Мектептин окуу тарбия завучу Акматова Азизанын сөзүндө 2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планынын түшүндүрмө катында көрсөтүлгөндөй 5-класс жана 8-класстарга мектеп компоненти үчүн 1 сааттан бөлүнгөн.Быйылкы окуу жылында кайсы предметтерди тандоо керектигине токтолду.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**математика мугалими Саламат кызы Нурай 5-класс башталгыч класстан ортонку класска келгендиктен мектеп компонентинин 1 саатын математика сабагына,8-класстарда окуучулардын билим сапаты начар болгондугуна байланыштуу 1 саатын алгебрага берүүнү сунуштады,себеби сабагымдын материалдары жана сааты көп болуп жетишпей жаткандыгым үчүн сунуштайм деди.

Мектеп директору Ф.Ж.Омуркулова мектеп компонентин математика сабагына берүүсүн кабыл алды.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап,пед.кенешме бир добуштан токтом кылат:**

1. Жаны окуу жылына карата коюлган мектептин стратегиясын ишке ашыруу мектеп жамаатына,коомчулукка,айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

2. Мектепте окутуп тарбия берүүдө "Мектепте окуучу үчүн билим берүүнүн жагымдуу чөйрөсүн түзүү менен бирге алган билимдерин жашоодо пайдалана билүүгө багыттоо" деген миссиянын үстүндө иш жүргүзүлсүн.

3. 5-класстарда математика,8-класстарда алгебра сабагынан мектеп компоненти кабыл алынсын.Математика мугалими Саламат кызы Нурай календардык-тематикалык пландарын түзүп бекиттирсин

**3-маселе**

**Угулду**:Мектептин окуу завучу Акматова А.К

2022-2023-окуу жылында КРнын мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билим берүү процессинин сапатын жакшыртуу боюнча иштер улантыларын айтты.Мектептин өнүгүүсүнүн бирден бир жолу бул тартип экенин белгилеп.Мугалимдерди тартипти өзүбүздөн баштоого чакырды.Мектептин талабына ылайык тартиптерге жоопкерчилик менен кароону өтүндү .Мугалимдерди окуу жүктөмдөру менен тааныштырды

1. Омуркулова Ф.Ж 9 саат
2. Акматова А.К 18 саат
3. Абдрахманова А.Э 18 саат
4. Касиева Г.К 18 саат
5. Кокоева А.Дж 18 саат ийрим 5 саат
6. Касимов И.И. 12 саат
7. Керимбаева М.У 22 саат
8. Карасартова Н.Э 19 саат
9. Саламат кызы Н 27 саат
10. Сыдыкова А.К 24 саат
11. Сейдалиева Ч.Ж 21саат
12. Осмонова Е.Дж 18 саат
13. Токтонбекова З.А 27 саат
14. Хожомуратова Б.С 20 саат ийрим 5 саат

Вакансияда:жогорку класстардын орус тили 18 саат

Дене тарбия 1 саат

2-4-класстарынын класс жетекчилиги.

Усулдук бирикме боюнча:

1. Гуманитардык усулдук бирикмени жетекчиси Керимбаева М.У
2. Табигый илимдер бирикмесинин жетекчиси Хожомуратова Б.С
3. Башталгыч класстар бирикмесинин жетекчиси Омуркулова Ф.Ж

Класс жетекчилик боюнча

1-класс Касиева Г.К

2-класс Омуркулова Ф.Ж

3-класс Кокоева а.Дж

3б-класс Осмонова Е.Дж

4-класс Абдрахманова А.Э

5-класс Хожомуратова Б.С

6-класс Сейдалиева З.А

7-класс Токтонбекова З.А

8а-класс Керимбаева М.У

8б-класс Касимов И.И

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн даярдоо классы:Карасартова Н.Э

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн даярдоо классы:Сыдыкова А.К

Насаатчылык боюнча

Мектептин жаны жаш кадры Карасартова Нуриза Эсенжановнага Абдрахманова А.Э насаатчы болуп дайындалат.

**3.1** Ар бир мугалимге ЖРБББнын 2022-жылынын 29-августундагы №150-0 буйругуну негизинде бөлүнүп берилген авгус учетун такталгандыгын айтып.Тактоонун негизинде үйдө окубай отурган балдар катталган жок экендигин аныкташты.

**3.2** Мектептин окуу завучу Акматова А.К

1-сентябрь “Билим күнү” өтүлүүчү сабактардын темалары

1-4-класстар “Биз-Кыргызстандын келечегибиз!”

5-6-класстар “Элдердин биримдиги көп түрдүүлүктө”

7-9-класстар “Эл биримдиги көп түрдүүлүтө”деген темаларда класстык сааттарды сабактын иштелмелерин жазууларын айтты.

**3.3** Ал эми райондук август кенешмесинде талкууланган маселелер боюнча кимде кандай сунуштар бар экенин сурады.

**Жарыш сөзгө:** мектептин директору Омуркулова Ф.Ж

Август кенешмеде эн негизги талап бул ар бир предметтик мугалим жанында мамлекеттик стандарт,предметтик стандарттар менен толук таанышуусун жана ардайым сабакта -колдонушу милдеттүү экенин айтты.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап,пед.кенешме**

**токтом кылат:**

1. 2022-2023-окуу жылына карата окуу тарбия иштеринин планын кабыл алынсын.
2. Мугалимдерге бөлүнгөн окуу жүтөмдөрү боюнча сабактын жүгүрмөсү түзүлсүн

3. Мектептин талабына ылайык иштебеген мугалимдер атайын чечилген жазасын алышсын
4. Жогоруда аты аталкан насаатчылар иш-пландарын бекитишсин.
5. УБ жетекчилери жогоруда аты аталып шайланган мугалимдер,өздөрүнүн иштерине так болуп,пландары түзүлсүн.
6. Класс жетекчилер класс менен иштөө планын иштеп бекиттиришсин.
7. Тарификацияны жана пед.стажды тактоодо комиссиянын составы аныкталсын,окуу мөөнөтүнүн убакыты бекитилсин.
8. Билим күнүнө карата өтүлүүчү салтанаттык жыйынга А.Э.Абдрахманова бекитилсин.Билим күнүнө карата класстык сааттар өтүлсүн .
9. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу завучу А.К.Акматовага милдеттендирилсин.

**4-маселе**
**Мектептин директору Ф.Ж.Омуркулова башталгыч класстын окуучуларына берилүүчү ысык тамактын уюштурулушу жөнүндө сүйлөдү:**
**Угулду:** 2022-2023-окуу жылында башталгыч класстардын окуучуларына берилүүчү ысык тамакты сапатту уюштуруу,окуучулардын ден соолугун чыңдоо,санитариялык-гигиеналык талаптарды аткаруу жонүндө төмөнкүлөрдү билдирди.

1. 2022-2023-окуу жылында башталгыч класс окуучуларына берилүүү ысык тамактын уюштурулушун камсыз кылуу ашпозчу А.Т.Эмильбековага тапшырылат.
2. Башталгыч класс окуучуларына берилүүчү ысык тамактын сапатын,менюну нормативдик талаптардын негизинде түзлүшүн,сапаттуу азык түлүктөрдүн өз убагында жеткирип,окуучуларга берилишин санитариялык-гигиеналык эрежелердин жана ченемдердин сакталышын көзөмөлдөө максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлдү.
    - Омуркулова Ф.Ж-комиссиянын төрайымы
    - Абдрахманова А.Э-тарбия иштеринин уюштуруучусу
    - Касиева Г.К-башталгыч классынын мугалими
    - Осмонова Е.Дж-башталгыч классынын мугалими

    3.Ашканадагы эмеректер,идиш-аяктардын абалын талап деңгээлинде сактоо,азык түлүктөр даярдалуучу,сакталуучу бөлмөнүн санитардык-гигиеналык эрежелерин аткаруу,кайнатылган ичимлик суусу менен камсыздоо,өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча көзөмөлдөө мектептин тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Э.Абдрахмановага жана ашкана кызматчысы А.Т.Эмильбековага жүктөлдү.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап,пед.кеңешме**

**токтом кылат:**

1.Ашканада вирустук режимге ылайык дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоо иштери жүргүзүлсүн;

2. Ашкана кызматкери Эмильбекова А.Т.тамак берүүдө санитардык эрежелерди сактоо менен журналды толтуруу ишин так аткарсын

3.Окуучуларга,ата-энелерге туура тамактануу,гигиена жөнүндө маалымат берүү максатында ашкананын ичинде маалымат такталары илинсин жана түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн;

4. Жогорудагыларды аткаруу жана көзөмөл болуу тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Э.Абдрахмановага жүктөлсүн.

**5-маселе**

**Угулду**: Мектептин директору Ф.Ж.Омуркулова:
Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө жана мектептин иш чараларын уюштуруу үчүн төмөнкү локалдуу актыларды кабыл алуу зарыл экенин баса белгиледи.
Алар :

1. Китепкана тууралуу жобо
2. Насаатчылык тууралуу жобо
3. Жарандардын кайрылуусу боюнча жобо
4. Педагогикалык кенеши жөнүндө жобо
5. Ата-энелер чогулушу жөнүндө жобо
6. Класс жетекчилик жөнүндө жобо
7. Педагогикалык кызматкерлерди тарификациялоо жөнүндө жобо
8. Мектептин ички көзөмөлүн жүргүзүү жөнүндө жобо
9. Окуучуларды мектепке алуу,чыгаруу боюнча жобо
10. Камкорчулар кенеши жөнүндө жобо
11. Окуучулардын күндөлүгүн текшерүү жөнүндө жобо
12. Окуу дептерлерин жүргүзүү жана аларды текшерүү жөнүндө жобо
    (жоболор тиркелет)

Ар бир локалдык акты менен мугалимдер таанышышты.

**Жарыш сөзгө:**Мектептин окуу завучу Акматова А.К

Ооба окуучулардын күндөлүгүн текшерүү жөнүндөгү жободо айтылгандай класс жетекчилер ар жумада бир жолу күндөлүктөрдү текшерип туруусу зарыл.Жуманын аягында окуучунун күндөлүгүнө калтырган күндөрүн белгилеп жазып берүүнү өтүндү.Ал эми окуу дептерлерин жүргүзүү жана аларды текшерүү жөнүндө жобого ылайык окуучулардын жазуу иштерин кылдаттык менен текшерүү керектигин айтты.

мектептин директору Омуркулова Ф.Ж

Педагогикалык кенешменин катчысы А.К.Акматовага жүктөлсүн

Бардыгы бир добуштан колдоо көрсөтүштү.

**Жогоруларды угуп жана талкуулап,пед.кенешме чечим кылат:**

1.Мектептин негизги иштерин алып баруу мектептин администрасиясына жүктөлсүн.

2. Мектептин ишин уюштурууда жогорку локалдык актылар кабыл алансын.

3. Педагогикалык кенешменин катчысы болуп Акматова А.К бекитилсин.

Мектеп директору: Омуркулова Ф.Ж

Катчы: Акматова А.К